# ФИЛОСОФИЯНЫН ТАРЫХЫНДАГЫ МУСУЛМАНДАРДЫН РОЛУ

Докт., доц. Казым Сарыкавак*
(Которгон С.Абдурахманов)

Бүгүнкү күндөгү илимдин тармактары ошондой эле философия илимине жакын илимдер, философиянын тарыхы б.з.ч. VII-VI кылымдардан башталгандыгы жөнүндө бирдей көз-караште болушат. Ошол баштапкы доордон бүгүнкү күнгө чейин көптөгөн философтор философиялык агымдар жана илимпоздор жашашып өтүшкөн. Булар кайсыл учурда жашабасын өзүнөн мурдагылардан таасирленип ошону менен бирге өздөрүнүн көз-караштарын кошуп, кийинки муундарга таштап кетишкен. Ошентип отуруп философия, илим, техника өнүгүп, маданияттар байыган жана өз алдынча маданияттар пайда болгон. Башкача айтканда бүгүнкү күндөгү өнүгүп жаткан илимий-техникалык мүмкүнчүлүктөр, ар түрдүү материалдык жана руханий маданияттардын баары миңдеген жылдардан берки илимдин жыйындысы болуп эсептелет.

Үчүнчү миң жылдыкка кирген учурубуздагы маданиятта өзгөчө философия жана илимде мусулмандардын ролу кандай? (орду кайсыл жерде) Бул суроого көптөгөн жоопторду табууга болот. Негизинен бул макалада суроого коп багыттагы жоопторду берүүгө аракет кылабыз. Философия жана маданият тарыхында мусулмандар өзгөчө орунга ээ болгондугун макалабыздын башында эле айтып кетсек болот. Алардын илимге, маданиятка жана философияга кошкон салымдарынан таанууга эч болбойт. Ошондой эле алардын жасаган эмгектерин таануу же аларды кабыл кылбай коюу исламга жана мусулмандарга чон акысыздык болот. Бул жеке эле биздин көз карашыбыз эмес. Көптөгөн Батыш ойчулдары да жогорудагы биз айткан көз-караштı колдошуп, бүгүнкү Батыш маданиятына мусулмандардын салымы чоң экенин айтышууда. (Бул көз-караштарды кийинки беттерде адабияттары менен кеңири көрсөтүп өтөбүз).

Бул жерде дагы бир өзгөчө нерсени белгилей кетишибиз керек. Ислам маданиятына жана философиясына мусулман түрк тилдүү калктардын салымы барбы? Эгер болсо, орду кайсыл жерде? Бул суроого бериле турган жоопторду белгилеп кетели: Ислам маданияты жана философиясынын ичинде түрк тилдүү калктар башка ислам улуттарына караганда өзгөчө орунга ээ. (Бул нерселерди да кол жазмабыздын кийинки барактарында белгилеп өтөбүз).

---

* Гази университети, адабият факультети, философия кафедрасы

Эми бул болумдун акырында ушуларды белгилеп кетүүгө болот: Адам баласынын пикири маданиятка жана философияга эмгек кылып өткөндөрдүн ичинде эч бирисинин ишеничине карабай урмат көрсөтүп, “хикмат ишенүүчүнүн жоготкон нерсеси” доктринасын туу туткандар мусулмандар болуп саналат. Бул түшүнүктүн ээси болгон мусулмандар билимде, улуулукту (хикматти) кимден болбосун аны алууга, үйрөнүүгө умтулушкан. Бирок, бул нерселерди алуу менен чектелбестен, аны ар кандай жол менен үйрөтүүнү өздөрүнүн милдети катары эсептешип келишкен. Эми мусулмандардын бул илимий жана философиялык эмгектерин кантип үйрөнүп жана үйрөткөндүгү жөнүндө кыскача баяндап өтөлү. Мусулмандар илимде жана философияны кимдерден кайсы жолдор менен үйрөндү? VII кылымда Аз. Пайгамбардын учурунда эле ислам аябай тездик менен жайыла баштаган жана чет жакаларга ачылыштар жасашкан. Ушул эле кылымда Иран жана Сирия мусулмандар тарабынан каратылып алынган. Ошол учурдун ислам халифалары бул өлкөлөрдө жашаган сирянийлердин илимий жана философиялык байлыктарынан пайдалануу туура экендигине ишенич беришти. Ушул ишеничтин натыйжасында Аристотель, Оклит, Архимет, Гипократ, Гален өңдүү көптөгөн эски ойчулдар жана философтордун чыгармалары менен сиряний[1] котормочулары аркылуу таанышышты. Кийинчерээк булар мусулман илим адамдарынын негизги илим булагы болуп калган[2].

Исламдын баштапкы доорлорунда ислам өкүмдарлары билим жана философиянын үйрөтүлүшү үчүн көптөгөн эмгектер жасашкан. Мусулмандарга билим жана философияны үйрөткөндөргө, ал үйрөткөндөр христиан болсун, бутпараст болсун булардын баарысын мусулман башкаруучулар колдошуп, алардын жашоосуна шарт түзүп беришкен. Ошондой эле башка диндеги илимпоздорго илим үйрөткөндүгү үчүн руханий жана материалдык колдоолорду көрсөтүшкөн. Бул жөнүндө көрүнүктүү ориенталист (чыгыш тануучу) T.J. De Boer мындай деп айтат: “... котормочулар аталарынан калган христиан ишеничин улантышкан... Бул нерсеге ислам халифалары ашыкчы либералдык көз-карашта болушкан. Халифа Мансур христиан котормочусу ибн Жибирден ислам динин кабыл алуусун суранган. Бул сураныччка ибн Жибир: ”аталарымдын ишеничинде калам жана ушул ишеничте өлөм. Алар кайсыл жерде болсо, мен дагы ошол жерде болом. Мейли бейиште болушсун, мейли тозокто болушсун, мен алар менен биргемин”-деген жоопту берет. Аны уккан халифа Масур, ибн Жибирге кымбат баалуу белектерди берген...”[3] Ошол учурда эски илим жана философия өзгөчө жаңы Платон философиясы, Настурий жана Паган илимпоздору тарабынан Сасаний (иран), Византия императорлугуна көчө баштаган болчу. Ар турдуу окууларды курган бул илимпоздор билим беруу иш аракеттерин өлкөлөрдө жасашкан. Кийинчерээк бул жерлер мусулмандарга каратылгандан кийин да бул окуулар өздөрүнүн кызматын улантышкан. Бул мектептердеги илимпоздор грекче кол жазмаларды сурянча, андан кийин арабча которушту. Мусулман илимпоздору жана философтору өздөрүнүн илимий эмгектерин бул котормолордун негизинде жазышты[4]. Ушул жерден айта кетсек, ислам дүйнөсүнүн биринчи котормо борбору Багдадда халифа ал-Мамун тарабынан негизделген “Бейтул-Хикма” окуусу болуп эсептелет. Араб тилине которулган

---

[1] Сурянийлер: Христиан динини кармаган коом. Алар бүгүнкү күндө Сирия, Ливан, Ирак жана Туркиянын Мардин шаарынын чек araларында жашашууда.

[2] David Knowles, The Evolution of Medieval Thought London-1962, 194-бет

[3] T.J. De Boerб The History of Philophy in Islam London 1970. 19-20-беттер

[4] Charles Michael Stanton, Higer Learning in Islam U.S.A.-1990,13.54.55. б.

эмгектердин бир бөлүгү ошол жерде жасалган. Бул жердеги эң көрүнүктүү котормолордун бири настуриялык[5] физик Хумейн ибн Исхак (809-873) болгон. Ал бул жерде чыгармаларды грек жана сурян тилинен араб тилине которгон. Хумейн араб тилинен которгон чыгармаларын халифа ал-Мамунга алып келип берген. Халифа бул которулган чыгармалардын ар бир барактары үчүн ошол барактардын салмагындагы алтынды Хумейнге сыйлык катары тартуулаган[6]. Бул абалдан эки нерсени көрүүгө болот: Биринчиси, мусулмандар илимди жана философияны үйрөнүүдө динге, улутка карашкан эмес. Экинчиси, мусулмандар өздөрүнө илим жана философияны үйрөткөндөргө руханий жана материалдык колдоолор көрсөтүшкөн.

Мусулмандар өздөрүнө каратылган Искендерийе, Антакия, Урфа жана Сирия өңдүү жерлердеги эскиден бери жашап келе жаткан интеллектуалдык жана академиялык аракеттерге эч убакта кысым жасашкан эмес. Тескерисинче, бул жердеги илимий жана философиялык иш-аракеттерди колдошуп турушкан. Себеби бул аталган илимий борборлор бир эле учурда кийинчерээк өнүккөн ислам санат (архитектура) илимине да көптөгөн керектүү илимий пайдаларды алып келген[7]. Исламдын баштапкы доорлорунда тездик менен жасалган ачылыштардын натыйжасында түрдүүчө маданияттарга, ишенечтерге жана философияга туш болгон мусулмандардын илим жана философияга болгон көз-караштарына, айрыкча, басып алынган жерлердеги мусулман эмес илимпоздорго болгон мамилелери жөнүндө дагы бир ориенталист төмөнкүдөй мүнөздөмө берет.

"... Эмевийлер кулагандан кийин аббасийлер учурунда ислам өлкөсүнүн интеллектуалдык борбору Ефрат жана Дижле бассейиндеринин айланасына көчкөн. Багдат шаары ушул учурда курулган. Аббасийлердин баштапкы доорлорунда эркин ой жүгүртүү өнүккөндүктөн, ал учурдун адамдары илим жана философия менен тыгыз байланышта болушкан. Бул аймактагы грек философиясы, эски Харран бутпарастыгы ошондой эле башка ишеничтер жана түшүнүктөр да өздөрүнүн жашоосун уланткан. Жогорудагы түшүнүктөргө таандык адамдар жана үйрөтүүчүлөр өздөрүн бүт бойдон илим берүүгө мүмкүнчүлүк табышты. Баштапкы доордун ошол башкаруучуларынын бул ишеничи, дини башка болуп, бирок грек илимин жана философиясын үйрөткөн бул адамдарга өзгөчө жакшы мамиле жасашты..."[8].

Илимди жана философияны үйрөнүүнү өздөрүнүн "парзы" деп эсептеген мусулмандар үйрөнгөн илимин дагы да тереңдеткен. Адам баласынын жалпы илими болгон философияга жаңы нерселерди киргизишкен. Ошондуктан көптөгөн Батыш илимпоздору бул мусулмандардын илимге кошкон салымыны макташууда. Инсаптуу Батыштын философия тарыхчысы бул теманы төмөнкүдөй мүнөздөйт: "... тарыхка караганыбызда төмөнкүлөрдү көрсөк болот. Ислам медицинасы жана илими Геленестик күн куруунун бир формасы эле. Бирок, Геленестикалык күн жок болгондон кийин, айга окшоп нур чача баштады. Мусулмандардын бул нуру орто кылымдагы Европаны жарык кыла

---

[5] Настурийлер: Католик чиркөөсүнөн 483-жылы толугу менен бөлүнүп үчүнчү консилден баш тартышат жана "Чыгыш чиркөөсү" деп таанылат, булардын негиздөөчүсү Настура.

[6] Charles Michael Stanton. а.а.а. 66.бет.

[7] S. Huseyin Nasr, An Introdiction to Islamic Cosmological Doctrines, U.S.A. 1964, 11. бет

[8] Duncan B. Macdonald, Development of Muslim Theology, Jurisprudence and Constitutional Theory, New York-1903, 113-134-б.б.

баштады. Акырында мусулмандардын бул нуру Ренесанстын нуру астында солуй баштады. Мусулмандардын Ренесанс деп аталган бул чоң кыймылга тиешелүү салымдары дагы да аныкталa элек..."[9]. Жогоруда айтылгандай ислам дини жана ага ишенген мусулмандар тарыхтан өз ордуларыны ала баштаган мезгилден баштап эле эч бир ойго чөмүлбөстөн түз эле илимге жана философияга маани берип жакындан мамиле курушкан. Айрыкча, илим жана философияны үйрөнүү үчүн көптөгөн күч жумшашкан. Бул нерселерди жогорудагы далилдерде көрсөтүлгөндөй батыш илимпоздорунун жана философторунун баарысы кабыл кылууда.

Ислам маданиятында, илимде жана философияда түрк тилдүү калктардын ролу кандай деңгээлде?

Биз бул подтемада (пунктта) түрк тилдүү калктардын ислам маданияты астында илим жана философияга кошкон салымдары жөнүндө сөз кылабыз. Түрктөр... ислам динини өз ыктыяры менен чын көңүлдөн кабыл кылышкан. Алар чын көңүлдөн кабыл кылган бул диндин маданиятына көптөгөн кызматтар өтөп, чоң салымдарын кошушкан. Фарабий, ибн Сина, Ахмед ал-Фарганийлер өңдүү атактуу илимпоздорду ислам маданиятынын жаркын жылдыздары деп атоого болот. Биз бул илимпоздордун илимге кошкон салымдары жөнүндө кыскача баян кылып өтөлү.

Фарабий (950 олг.) бүгүнкү Хорасан аймагындагы Аму дариянын боюнда жайланышкан Фараб шаарында болжол менен 870-жылдары төрөлгөн. Фарабий философия жана илим тарыхында түрк улутуна таандык көрүнүктүү илимпоз. Алгач окууну ал өзүнүн туулган шаарында баштаган. Кийинчерээк билимини өркүндөтүү үчүн Багдадга барган. Ал жерде мусулман жана мусулман эмес көптөгөн мугалимдерден илим билим алган. Ошол учурдун эң көрүнүктүү логик илимпозу Харандык Юханна б. Харандын өзүнө барып, логиканы үйрөнгөн. Анын мугалимдеринин көпчүлүгү мусулман болсо да, алардын ичинде айрым мусулман болбогондору да бар эле. Андай мугалимдеринин бири Абу Башр Метта болгон[10].

Фарабий чыгармаларынын көп бөлүгүн Багдадда жазган. Киндийден (ол.873) кийинки Багдаддагы Перипатетикалык Аристотелдин философиясын окуган топтун башчысы болгон. Ал жетимиштен ашуун чыгарма жазган. Анын илимий изилдөөсүнүн негизинде грек философиясы жана логикасы ислам дүйнөсүнө кеңири тарап, түшүнүктүү абалга келтирилген. Өзгөчө илимге философияга жана логикага кошкон салымдары өзүнөн кийинкилерге чоң таасир тийгизген. Ошондуктан аны “ Экинчи мугалим” деп аташкан. Баарыбызга маалым болгондой философия жана билим тарыхында “Биринчи мугалим” аты менен Аристо аталып келүүдө[11]. Фарабий математикада, адабиятта жана логикада көптөгөн маанилүү эмгектерди жасаган. Анын мамлекет (саясат) философиясы темасындагы эмгектери философия тарыхынынг эң маанилүү теорияларынан болуп эсептелет. Анын акыл теориясы орто кылымдагы ислам философиясына жана христиан философиясына чоң таасирин тийгизген[12]. Айрыкча, Фарабий Платондун жаралуу теориясына ислам түшүнүгүнө ылайыктуу бир форма киргизип, аны жаңыдан иштеп чыккан.

---

[9] H.J.J. Winter, Eastern Science, London-1952, 90-бет.

[10] I am Richard Netton, al-Farabi and His School, London-1992, 5-б.

[11] Charles Michail Stanton. a.a.a. 82-б. H.Ziya Ulken, Uyanis Devirlerinde Tercumenin Rolu, Стамбул, 1935, 91.б.

[12] Ханна ал-Фахури-Халил ал-Жур, Тарихул-Фалсафатул-Арабия. II т. Бейрут-1982. 132.б.

Фарабийдин чыгармалары латын тилине XI кылымдан баштап которула баштаган. Бул котормо иштери Ренесанс учурунда да улантылган. Аристотелдин "Риторика" деген китебине жазган шархы биринчи 1484-жылы, экинчи жолу 1515-жылы Бенедихте латынчага которулган. Ошондой эле "Акыл" деп аталган макаласы 1494-жылы, кийин 1638-жылы, ошондой эле "Ихаул-Улум" деген чыгармасы биринчи жолу 1546-жылы, экинчи жолу 1638-жылы орто кылым латынчасына которулган. Жогорудагы чыгармаларынан башка дагы көптөгөн эмгектери латынчага которулган. Бул темада көптөгөн маалыматтарды айтышкан Н.Ричар жана тарых илимпозу Г.Сартон: "Фарабийдин илим жана философияга кошкон салымын толугу менен айтууга күчүм жетпейт"-деп айтышат. Ошондой эле Фарабийдин кеңири таркаган эмгектери учурда да илим жана философияга чоң таасирин тийгизип келүүдө[13] деп айтышууда.

Фарабий дүйнөлүк илим жана философия тарыхында эң көрүнүктүү илимпоздордун бири. Көптөгөн Батыш жана Чыгыш илимпоздору, ойчулдары анын пикирлеринен таасирленген. Анын илиминен жана философиясынан еврей, христиан жана мусулман илимпоздору Яхя б. Адий, Маиманидос жана И.Синалар сыяктуу көптөгөн ойчулдар таасирленишкен.

Ибн-Сина (ол 1037). Бул илимпозду Батыш илим жана философия дүйнөсү Авицена деп аташат. Ошондой эле аны "Докторлордун падышасы" деп да айтышат. Ал эми Чыгыш ислам дүйнөсүндө "аш-Шайхул Раис" же "Хиджатул-Хак" деп таанылат[14]. И.Сина болжол менен 980-жылдары азыркы Бухара шаарына жакын жердеги Афшана деген жерде төрөлгөн түрк илимпозу. Анын чыгармалары жөнүндө ар түрдүү кептер айтылат. Бирок, болжолдуу түрдө анын чыгармаларынын саны 250 нүн айланасында[15]. Ал чыгармаларынын ичинен "ал-Канун фит-Тыб", "аш-Шифа", "ан-Нажат", "ал-Ишарат", "Аксамул-Улумил-Акмал", "Рисала фил-Худуд" сыяктуу чыгармалары кеңири таанымал.

И.Сина ислам укугу жана куран илимдери жана негизги ислам илимдеринен сырткары астрономия, медицина, логика жана философия сыяктуу көптөгөн илимдин тармактарына тиешелүү чыгармаларды жазган[16]. Анын илимий философиялык түшүнүгүндө Платон, Аристотель, Ефлатун, Гелен жана Фарабий өңдүү грек жана ислам илимпоздорунун таасирлеринин чоң экенин көрүүгө болот. анын курган системасы бир түрдүү. Бирок, анын көз-карашы жогоруда аталган ойчулдардын бирөөнө эле таандык эмес тескерисинче ар биринен пайдаланган. Мисалы, анын "Шифа" деп аталган чыгармасы жалаң эле Аристотелден таасирленбегенин көрсөтөт. Бул чыгармада Аристо менен бирге көптөгөн ойчулдардын философиялык көз-караштарынан алынган. Айта турган болсок, Жаратуу теориясын изилдеген учурда Неоплутондуктун негизине таянган. Анын көз-карашындагы жана илимий түшүнүгүндөгү оригиналдуулукту логика, физика жана медицина жөнүндө жазган чыгармаларынан көрүүгө болот. Медицинага арнап жазган "ал-Канун фит-Тыб" чыгармасы бир канча жолу араб тилинен латын тилине которулган. Ошондой эле калган чыгармалары 1200-жылдан баштап кайра-кайра латын тилине которулган. Жогоруда аталган чыгармасы Чыгыш жана Батыш дүйнөсүндө болжол менен 5 кылым бою,

---

[13] Nicholes Recher, M.Farabi, Петербург-1962, 11-43-44.б.б. Кеңири маалымат үчүн төмөнкү чыгармаларды караңыз: Deborah L.Black, "Al-Farabi" ,History of Islamic Philosophy (ed.S.H. Nasr- O.Leaman), I том 192-193 б.б.

[14] S.Huseyn Nasr, Uc Musluman Bilge ( турк. котор. A.Ünal) Стамбул 1985, 31-бет.

[15] Hayrani Altıntaş. Ibni Sina Metafizigi, Ankara 1992, 15-бет

[16] Shams Inati, "Ibn Sina" History of Islamic Philosophy (ed.S.H.Nasr-O.Leaman) I том, 231.бет.

башкача айтканда, 11-кылымдан 17-кылымга чейин медицина илиминин негизги адабияты (булагы) болуп келген. Анын чыгармалары негизинен төрт тармакта топтолгон. Алар логика, физика, математика жана метафизика болуп эсептелет[17]. И.Синанын эң маанилүү теорияларынын бири- "Бытье" теориясы. Анын бул темадагы түшүнүгү маңыз менен болмушту ажыратып кароодон башталат. Кийин болмушту зарылдык, мүмкүндүк, мүмкүн болбогон деп үчкө бөлгөн. Андан кийин болмуш жөнүндөгү категориялардын ичинен Жевхерди (болмуштун баштапкы этабы) үчкө бөлөт: 1) Акыл (аң сезим), 2) Нафс (ички руханий каалоолор), 3) Зат (жисим)[18]

И.Синанын медицина тармагындагы даражасынын жогору экендиги эч тамашасыз. Батыштын көптөгөн университеттери бул инсанды орто кылымдардагы "философтордун мырзасы" деп аташып келген. Ошондой эле медицинада аны антикалык доордун көрүнүктүү медиктери Гипократ жана Гелен менен бирге кошо атын аташып келген. Айрыкча, ал физика дүйнөсүндө таанымал болгон Галилейге таасирин тийгизген. И.Сина физикадагы биринчи жана экинчи даража деп бөлүнгөн көздүн көрүшү жана анын анотомиясын изилдеген учурда нурлардын толкуну жөнүндө айткан[19]. Ошондой эле Физиканын башка темалары болгон метералогия, астрономия жөнүндө да изилдөөлөр жүргүзүп, илимге чоң салымдарын кошкон. И.Сина илимий жана философиялык көз-караштары менен орто кылымда Батыштагы Париж жана Охсфорд университеттерине, ошондой эле Р.Бекон, Албертус Магнус, Ст. Томас, Роберт, Гроссетесте, Дунс Скотс өңдүү көптөгөн көрүнүктүү философторго таасирин тийгизген[20].

И.Сина-ислам жана түрк дүйнөсүнүн эң көрүнүктүү илимпоз философу. Анын илимге жасаган салымы учурда да изилденип бүтө элек. Биздин тилегибиз жана максатыбыз ал өңдүү чыныгы адамдарды өз ордунда баалоо. Ошондуктан аларды өз ордуна коюу биринчи кезекте ислам жана түрк дүйнөсүнүн милдети.

Ахмед ал-Фарганий (861-жылдан кийин өлгөн). Фергана өрөөнүндө төрөлгөн ал-Ферганийдин өзүнүн толук аты "Абул-Аббас Ахмед бин Мухаммед бин Касир ал-Ферганий" болгон. Анын улуту түрк улутуна таандык болгон. Ал Аббасийлер доорунун көрүнүктүү математиги жана астрологу болгон. Анын аты Батыш дүйнөсүндө "Алфраганус" деп аталат.

Өз доорунда ал астроном жана математик катары таанылып өзү жашаган малекетте инженер болуп иштегени тууралуу маалыматтар бар. Ал Халифа Мутевеккилдин буйругу менен Фустатта (эски Каир) Нил дарыясынын суусунун деңгээлин өлчөө үчүн курулган ал-Мукаясул-Жадиттин курулушуну өз жоопкерчилигине алган[21]. Ферганийди Батышка таанымал кылган чыгармасы- "Илимун-Нужум ва Усулул-Харакатис-Самавия". Бул чыгармасы Батламиустун "ал-Мажестий" чыгармасынын жыйынтыгы катары жазылган. Бирок, Ферганийдин бул чыгармасы усул жана метод багытындагы маанилүү чыгарма болуп эсептелет. Ошондой эле календар түзүү жөнүндөгү берген маалыматтары жана Батламиуска каршы пикирлерин карап көргөнүбүздө бул чыгарманын дагы

---

17 Shams Inati, I том, 232-бет; S.H. Nasr, Uc Musluman Bilge, 46-48-б.б.

18 S.Huseyin Nasr, Uc Musluman Bilge, 38-39-б.б.

19 S.Huseyin Nasr, a.a.a. 43-44-б.б.

20 Shams Inati, a.a.a. 242-243-б.б; S.H.Nasr, a.a.a. 60-62-б.б.

21 Mahmut Kaya-Sami Selhur, "Fergani" I.A. (T.D.V.) Истанбул 1995-жыл, 12-том, 377-бет.

да маанилүүлүгүн байкайбыз[22]. Ушундай эле темада жазылган "ал-Камил фил-Устурлап" жана "Фи-Санатул-Истурлап" деген эки чыгармасы бар[23].

Ферганийдин астрономия илими жөнүндө жазган "Жавамил" деп аталган чыгармасы биринчи жолу 1134-жылы латын тилине которулган. Андан кийин бир канча жолу латын тилине которулган. Эң акыркы жолу 1669-жылы Амстердамда которулду. Ошондой эле бул китеп латынчадан тышкары XIII кылымда Ибрамий тилине которулган. Ренесанс доорундагы Италиялык астрономдордун көпчүлүгү, ошондой эле Данте да астрономия илиминде Ферганийдин бул китебинен таасирленишкен[24]. Ферганий бул чыгармасында күн планетасынын башка планеталардай эле кыймылга ээ экенин, бирок бул кыймыл тескери багытта болгондугун жазган. Бул астрономия илиминде биринчи жолу аныкталган[25]. Батышта Астрономиялык көз-караштары менен таанымал болгон ал-Фарганийдин аты Америкадагы Улуттар аралык астрономия изилдөө борбору тарабынан Ай-бетиндеги кратерийлердин бирине берилген[26]. Ушулардын баарына карабастан бул түрк-мусулман илимпозу мусулман дүйнөсүндө да, түрк дүйнөсүндө да жакшы таанылган эмес.

Корутунду

Дүйнөлүк илим жана философиянын тарыхында ар бир учур жана доор сөзсүз түрдө бири- бирине таасир калтырган. Ислам жана философиянын өнүгүүсүнүн натыйжасында пайда болгон маданияттар дайыма бири-бирине чоң таасирлерин тийгизген. Ушул мааниде ислам маданияты өзүнөн мурда жашаган маданияттардан таасирленгендей эле өзүнөн кийинки Батыш маданиятына чоң таасирин тийгизген. Мусулмандар философияны жана илимди үйрөнүү үчүн ар түрдүү чыгармаларды колдонушкан. Пайгамбардын жашаган учурунда эле окууну жана жазууну үйрөнүү Пайгамбар тарабынан коюлган шарттардын бири болгон.

Мусулмандардын жүрүштөрүнүн негизинде ислам мамлекетинин чек аралары кеңейген. Антакия, Харран, Нусайбин өңдүү көптөгөн илим жана философия борборлору ислам мамлекетинин карамагына кирген. Бирок, ислам өкүмдарлары бул илим борборлорунда илим үйрөткөн Паган, христиан, еврей илимпоздорду кысымга алышпастан, тескерисинче, аларды колдошкон.

Багдатта курулган биринчи илимий жана котормо борбору болгон "Байтул-Хикмага" сабий, христиан, еврей өңдүү көптөгөн башка динге таандык илимпоздорду топтошуп, ал жерде илим үйрөткөндүктөрү үчүн аларга мусулман башкаруучулары рухий жана материалдык жардамдарды көрсөтүшкөн. Натыйжада мусулмандар VIII кылымдан XIII кылымга чейин илим жана философияда дүйнөдө алдыңкы орунда болуп келишкен.

Ислам маданияты ичинде түрктөрдүн даражасы башка мусулман улуттарга караганда бийигирээк. Философия жана билим тарыхында Аристодон кийинки эле даражада бааланып, "Муаллимис-Сани" (экинчи мугалим) аты ыйгарылган Фарабий мамлекет теориялары, метафизикалык темалардагы жана логикалык темаларда жазган чыгармалары менен бийик даражага ээ.

---

[22] Mahmut Kaya-Sami Selhur, а.а.м. 378-б.

[23] H.J.Winter, Eastern Science, London 1952-ж. 67-бет; H. Sutur, "Fergani" I.A. (MEB), 4.том. Истанбул-1977, 565-бет.

[24] Mahmut Kaya-Sami Selhur, а.а.м. 378-б.

[25] Lutfu Goker, Turk-Islam Astronomi Bilginleri ve Gokyuzu Bilginleri, Истанбул 1995-ж. 33-бет.

[26] Lutfu Guker, a.a.a. 111, 293 б.б.

Батышта XVII кылымга чейин “ал-Канун фит-Тыб” чыгармасы университеттерде окутулган жана “Доктордун падышасы”, “Философтордун мырзасы” өңдүү аттар менен таанылган И.Сина эң көрүнүктүү түрк илимпозу жана философу болуп саналат.

Өзгөчө булардын ичинен Астрономия илими боюнча чыгармаларды жазган ал-Фарганий жөнүндө айтпай кетүүгө болбойт. Ал өзүнүн жазган чыгармалары менен Батыш илим дүйнөсүнө чоң таасирин тийгизген. Ошондуктан Америкадагы астрономиялык борбор, Айдагы кратеряга анын аты ыйгарган.

Чыгармалары бир канча жолу латын тилине которулган бул мусулман түрк илим жана пикир адамдарын ислам жана түрк дүйнөсүнө караганда Батыш дүйнөсү көбүрөөк тааныйт.

Мындан төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга болот. Мейли ислам дүйнөсү болсун, мейли түрк дүйнөсү болсун өзүнүн илимпоздорун жана философторун баалашы зарыл. Өздөрүн төмөн көрүү комплексинен кутулуу зарыл. Өздөрүнүн тарыхынан таасирленип жана илхам алып, үчүнчү миң жылдыкта эң өнүккөн, дүйнөнү таң калтырган маданият куруулары зарыл.